**Изденүүчү Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну» 10.01.01-кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясына филология илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы КУУнин доценти Медетов Аскар Советовичтин расмий оппоненттик**

## ПИКИРИ

Жазуучу жана котормочу Абдулхай Алдашевдин адабий ишмердүүлүгү, анын котормочулук өнөрү кыргыз адабиятынын тарыхында көрүнүктүү орунду ээлеп турат. Калемгердин котормосунда Д.Дефо, Г.Флобер, Л.Толстой, М.Горький, Н.Рыбак, В.Маяковский, В.Катаев жана башка дүйнөгө кеңири белгилүү акын-жазуучулардын чыгармаларын кыргыз тилине которуп, жарыялаган. Анын 1990-жылдардын аягындр. жарыялаган эсселери да кыргыз адабияты үчүн чоң олжо болду. Жалаң чындыкка негизделген мындай көркөм туундулар тоталитардык режимдин тушундагы идеологиялык-саясий тосмолордун, көркөм чыгармалардын ар бир сөзүн электен өткөрүп, чыпкалап турган цензуранын мезгилинде жарык көрүшү мүмкүн эмес болчу, ошол үчүн жазуучу көрөгөчтүк менен вщгайлуу учурду күтүп, эгемендүүлүк жылдарында жарыялаганы жалпы дабиятыбыз үчүн чоң утуш болгон.

Азыр адабият илиминде өкүм сүрүп жаткан бир жагдайды айта кетпесек болбойт. Адабияттан, поэзиядан түшүнүгү жок бийлик, өң тааныштыкка, тууганчылыкка салып, жазгандары адабий талапкердин деңгээлиндеги эпигончулук менен ыр жазып жүргөн, жармач чыгармалардын авторлоруна да «Эл акыны» деген ардактуу наамды ыйгарып жатат. Эртеңки күнү аларды адабиятыбыздын "классиги" деген «эшик ырчы» илимпоздор да чыгары бышык. Бирок, илим калыс болуп, чобурду «тулпар» дебей чындыкты туу тутушу абзел. Ырасында эле «Эл акыны» наамын алган халтурщиктин жанында Абдулхай Алдашевдин адабиятка сиңирген эмгеги опол тоодой десек болот. Анын котормолору да өзүнчө изилдениши зарыл. Ал эми үчилтик эсселери кыргыз адабиятындагы жаңы көрүнүш. Ушул жагдайдан алганда Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну» деген теманы изилдөөгө алышынын өзү учур үчүн **актуалдуу** болуп саналат.

Диссертациянын киришүүсүндө изилдөө темасынын актуалдуулугу белгиленип, диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жаткан ири илимий программалар менен байланышы көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 120/04-8
«19» 01 2021 г.

максаты ачык-айкын так көрсөтүлгөн, изилдөөнүн милдеттери 10 пунктка бөлүнүп берилген. Диссертант иштин илимий жаңылыгын ар тараптан ачып өрсөткөн. Илимий иштин теориялык жана практикалык мааниси, изилдөөчүнүнүн жекече кошкон салымы да көрсөтүлгөн.

**«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери»** деп аталган биринчи бапта эссе жанрынын илимде изилденишине обзор берип, эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе деген терминдерге теориялык аспекте талдоо жасайт. Ошондой эле Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын изилденишине кыскача сереп салып, баалуулуктук өңүттө изилдөөлөр жүргүзөт.

Диссертант эссе жанрынын адабият илиминде изилдениш тарыхына кеңири токтолуп, Германияда, Австралияда, АКШда, Испанияда, Орусияда, Францияда жанрдын эволюциялык өнүгүү маселесине кеңири токтолуп, жетимиштен ашык жазуучунун чыгармаларын мисалга тартып, эссе жанрынын теориялык маселелерине кайрылып, анын жанрдык белгилерин аныктоодо элүүдөн ашык бул маселеге арналган эмгектерди электен өткөрүп, дурус-буруш жактарына кеңири токтолуп, сыдырып карап чыгуу менен жанрды классификациялоо маселесине да кайрылган.

Диссертант кыргыз адабият илиминде Абдулхай Алдашевдин «Жер төлөдө ой-толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү» романдары боюнча К.Асаналиевдин «Эки нардын ортосунда» («Эркин Тоо» 06. 11.1998), «Роман -эссенин жаралышы» («Кыргызстан маданияты» август, 2002 ) эмгектерине кайрылып, окумуштуунун чыгармалардын жанрдык табиятын «роман-эссе» деп атаганына макул болуу менен анын бул жанрдык белгилерин диссертант конкреттүү талдоолордун негизинде көрсөтүп берген. Ал эми адабиятчы Б.Шамшиевдин «Кыргыз согуш прозасынын поэтикасы» (2015) аттуу монографиясындагы А.Алдашевдин чыгармалары боюнча адабиятчынын пикирине макул эместиигин билгизип, диссертант «Бирок, ал изилдөөчү катары, биздин оюбузча, кечиримсиз жаңылыштыкка жол берген. Анын негизги катасы - коммунисттик идеологияны фашисттик идеологияга барабар кылып, теңдештирип койгону" - деп полемикага чыгып, Б.Шамшиевдин көз карашындагы жаңылыштыкты, анын чет элдик «Азаттык» радиосунда иштегени себепчи болгонун аргумент катары көрсөтөт. Диссертант бул жерде өзү ката кетирип алган, себеби, Б.Шамшиев фашизм менен коммунисттик режимди салыштырганда экөөндө тең демократия жок, бир партияга, бир лидердин колуна чексиз бийликти берген диктатураны, мамлекеттик-террордук жасоол системасы бар, масс-медианы толук көзөмөлдөп, цензура менен кармаган тоталитардык режимдер катары баалап жатса керек. Бул боюнча Х.Арендттин

«Тоталитаризмдин келип чыгышы», К.Фридрих жана З.Бзежинскийдин «Тоталитардык диктатура жана автократия» деген изилдөөлөрүн карап көрсө жетиштүү болот. Диссертант адабиятчы Б.Шамшиевдин автордун эмгектерин саясий өңүттөн карап, баа бергенин, муну анын чыгармачындагы кемчилик катары көрсөткөнүн баамдап, башка аспектиден баалабашын ж.б. кемчиликтерди туура белгилеген.

«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы» деп аталган экинчи бапта диссертант изилдөөнүн негизги предмети болгон көрүнүктүү жазуучубуз Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну, үчилтикке кирген роман-эсселерде сүрөттөлгөн, ачылып берилген жалпы адамзаттык баалуулуктар түзүп турарын белгилейт. Абдулхай Алдашевдин чыгармачыл инсан катары турмушта тутунган баалуулуктары, анын эсселеринин мазмуну, формасы, чагылдырылган жалпы адамзаттык баалуулуктары жигердүү анализге алынат. «Автордун социалдык-саясий көйгөйлөр боюнча эссеисттик рефлексиясы да изилдөөнүн предметине камтылат» - деп белгилөө менен роман-эссенин каармандары майор Зильман Маркович Дорфмандын жана капитан Байсаловдун образдарындагы өзгөчөлүктөрдү жана алар тутунган баалуулуктарды, алардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн эмгегинде ар тараптан ачып көрсөткөн. Диссертант романдардын жазылыш тарыхына да кайрылат. Автор 1939-жылы Кыргыз айыл чарба институтунун ветеринария адистигин бүтүрүп, согуш мезгилинде аскерге чакырылып, советтик 33-армиянын 538-минометтер полкунун ветеринария бөлүмүнүн башчысы болуп күжүрмөндүүлүк менен кызмат кылгандыгы үчүн майор аскердик наамына ээ болгон. Диссертант автордун ошол оор мезгилде өзү күбө болгон окуяларды кагазга түшүрүп, күндөлүк жазып жүргөнүн тактап, бул автобиографиялуу чыгармаларды жазууга ошол күндөлүктөр угут болуп бергенинин ачып көрсөткөн. Романдын баш каарманы Байсаловдун кызыл кыргында жүрүп поляк кызын жолуктуруп, ышкы сезими ойгонгонун өтө жылуу сезимдер менен эскерет. Ошол келин менен болгон махабат көз ирмемдеринин аягы аскерлер убактылуу токтогон жеринен майдан талаасына аттанып жатканда баягы поляк келин алтын чынжыры бар кутучаны белекке берет. Бул эпизоддордон автор агынан жарылып, каармандын жан дүйнөсүндөгү процесстерди психологиялык жактан таамай баяндаганын белгилейт. Диссертант чыгармадагы ушундай урунттуу учурларды терең изилдеп, ал тургай үчилтиктин ар бир китебиндеги каармандардын жалпы эсебин алып, статистикалык так маалыматтарды да бергенге жетишет. Диссертант «Үчилтиктин образдар тутумуна келе турган болсок, согуш

мезгилинин шартына жараша Байсаловдун тегерегинде көбүнчө аскер кишилери. Үчилтиктин көпчүлүк кейипкерлери бүт ар түрдүү улуттагы аскер адамдары түзүшөт. Алардын баарысы адамзатты мыкаачылык менен кырып-жоюну мерчемдеп, ажаандана жулунуп келаткан фашизмдин үстүнөн жеңишке жетүү үчүн, кор болуп тепселген Ата-Мекенди фашисттик баскынчылардан бошотуу үчүн кан майданда кара башын сайып кан кечип жүрүшөт. Роман-эсселердин көпчүлүк кейипкерлери бир гана ушул максат - каардуу душмандын үстүнөн жеңишке жетишүү бириктирип турат. Автор түзгөн көркөм элестер бизге кулк-мүнөзү, касиет-сапаты боюнча ар түркүн адамдарды тааныштырганы менен алардын баарынын бирдиктүү тутумга биригүүсүнө себеп болгон жагдай-согуш кырдаалы» - деп каармандарды бириктирип турган мекенди коргоо идеясын конкреттүү талдоолордун негизинде алаканга салгандай ачып берген. Романдын каарманы Байсалов өзүнүн майдандагы башынан өткөргөн окуяларды, кырдаал-жагдайларды эскерүү менен ошол кыйын күндөрдө чогуу жүргөн куралдаш курбуларынын ар биринин кулк-мүнөзүнө, кыял-жоругуна жана башка адамдык сапаттарына таамай мүнөздөмөлөрдү бергени кеңири талдоого алынган. Ошондой эле роман-эсседе автордук баяндоолорго, сыпаттоолорго, лирикалык чегинүүлөргө кеңири орун берилгени туура көрсөтүлгөн. Диссретант «Автордук ой жоруулардын көбү бизге согуштун ырайымсыз бейнесин даана кылып көрсөтөт. Алсак, автор кандуу кармашта каза тапкан жоокерлер туурасында төмөнкүчө ой жүгүртөт: тээтиги машинелерге, чаналарга отундай жүктөлүп, арт жакка ташылып бараткан зыңкыйган өлүктөр тирүү кезинде кишилер эмес беле?.. Баары эле колдорунда куралы менен баскынчы-душмандарга каршы аянбай айбат кылышпады беле!.. Булардын арасында мен тааныган полктош офицерлер, солдаттар да бар. Бул байкуштардын кыйласы менен жеке маектешеип, сыр айтышкандарым да болгон. Көбүнүн самаганы фашасттерден куруган элибизди куткарып, мекенибизди бошотуп, ушманды чыккан жерине чейин кууп, чээнинде талкалап, адамзатты «фашизм» деген тумоодон арылтып, эл-журтуна абийир менен аман кайтуу эмес беле!» Мындан биз кандуу согуш эч кимди аябасын, тирүүнүн өлүүтө айланышы эң оңой иш экенин, адам үчүн эң башкысы, казат убагында абийирди сактоо боло турганын түшүнөбүз. Ошентип, автордун ой жоруулары дээрлик баалуулуктук багытта жүргүзүлөт. Алардын өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, ак-кара, акыйкаттык-жалган өңдүү жалпы адамзаттык дөөлөттүк дихотомияларга берилген таасын бааларды таба алабыз» - деп дөөлөттөрдү алаканга салгандай талдап ачып берген десек болот. Ушундай талдоолордон кийн Диссертант жазуучунун дүйнөтаанымындагы эң негизги

баалуулук катары «Автор катары Абдулхай Алдашевдин дүйнөкөрүмүнүн баалуулуктук негиздерине келе турган болсок, ал өз үчилтигине эң биринчи эле *Жаратканды өтө бийик баалуулук катары* карай турганын, Кудайдын ырайымынан үмүт эте турганын, бир гана Аллага ишене турганын билдирет. Мындан биз анын баалуулуктук тутумунда негизги орунду Жараткан ээлей турганын билебиз. Мунун да жүйөсү бар. Анткени, анын атасы Алдаяр Жээнике уулу Ысык-Көл өрөөнүндөгү кыргыз элине кадыр-барктуу чоң молдо болгон. Атасы уулунуы аң-сезимине мусулман дин ишениминин негиздерин терең сиңирип кеткен. Ал ишенимди советтик бийликтин атеизмди башкы орунга чыгарган саясатты да буза алган эмес» - деп диссертант автордун бекем ички ишенимдери кантип калыптангандыгын, алаканга салгандай ачып берип жатат.

Ушул угуттуу концепция диссертациянын өзөгүн түзөт десек болот. Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде Кудай эң бийик баалуулук катары бардык жагынан кеңири ачылып берилет. Диссертант адам табиятын терең изилдөөгө умтулган. Адам табияты негизи өтө чоң тема бирок диссертант ошону ачып берүүгө белсенип киришкени жакшы иш болду десек болот.

**«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн натыйжалары»** аталышындагы үчүнчү бапта А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжалары, баалуулуктук изилдөөнүн объектисин, предметин жана методологиясын иликтөөнүн натыйжалары тууралуу ойлор айтылат. Жогорку аттестациялык кеңештин кандидаттык диссертациялык иштерге коюлуучу талаптарына ылайык бул бөлүм буга чейинки изилдөөлөрдүн натыйжалары тууралуу болушу керек деген тартипке ылайыкталган. Жалпы талапты эске алганда бул бөлүмдүн жазылышы максатка ылайыктуу. Бирок, изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжалары, предметин жана методологиясын иликтөөнүн натыйжалары иштин кириш бөлүмүндө конкрет берилгендиктен кайрадан кайталоо мүнөзүндө болуп калган. Андан көрөк бул бөлүмдө чыгармалардын баалуулуктук мазмунун дагы да терендетип изилдесе болмок деген пикирге келдим. Ар бир бапта кыскача илимий жыйынтыктар берилет. Ошондой эле иштин корутунду бөлүгүндө баптар боюнча 12 пункттан турган жалпы корутундулар чыгарылган.

Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну» деген темада жазылган кандидаттык диссертациянын мазмуну менен толук таанышып чыккандан соң жалпы төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик.

**Жаңычылдыгы.** Бул эмгек - кыргыз адабият таануу илиминде

Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунунун алгач ирет изилденип жаткан иш катары баалоого болот. Ошондой эле буга чейинки темага байланыштуу адабият таануу илиминдеги эссе теориясынын калыптануусу жана өнүгүүсү тууралуу ойлор жалпылаштырылып, жаңычыл пикирлер айтылат.

**Иштин практикалык маанисине** келгенде изилдөөнүн материалдарын кыргыз адабиятынын тарыхы, балдар адабияты боюнча мындан кийинки жазылуучу эмгектерде колдонууга жана ЖОЖдордо атайын адистик курстарды окуутууда пайдаланууда болот.

**Иштин илимий-теориялык деңгээли** диссертациялык иштерге коюлуучу талаптарга жооп берет. Тема боюнча адабий булактар жетиштүү даражада пайдаланылган жана аларга карата диссертанттын көз карашы, мамилеси берилген.

Диссертанттын автореферааты иштин мазмунун толук камтыйт.

Автордун жарыяланган макалалары диссертациянын мазмунун чагылдырат жана ЖАКтын талаптарына жооп берет.

Иште айрым кемчиликтер да жок эмес.

1. Диссертациянын бардык баптары илимий-теориялык деңгээли мазмун-мааниси бирдей эмес. Иштин биринчи, экинчи баптары кыйла чыйрак жазылган. Ал эми үчүнчү бап үстүрт жазылып, анализдер тереӊ эмес, кайталоолор учурайт;

2. Коргоого коюлуучу 5-жобо изилдөөдөн келип чыккан теориялык же методологиялык жобонун деңгээлине жетпейт, конкреттүү илимий жыйынтыктын констатациясын эмес, диссертанттын сунуш мазмунундагы көз карашын гана туюндурат.

3. Иште стилдик, грамматикалык каталар учурайт. Филология боюнча жакталып жаткан иштерде мындай кемчиликтердин болушу орунсуз.

Жогоруда аталган кемчиликтер эмгектин жалпы илимий-теориялык аткарылыш деңгээлине залака тийгизбейт. Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын **«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну»** деген темадагы кандидаттык диссертациясы 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу жана аталган иш ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет.

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун**
**доценти, филология илимдеринин**
**кандидаты** **Медетов Аскар Советович**

А. Медетовдун колун тастыктаймын